**100105 – «Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу» адистиги үчүн**

**<u>«Туристтик ишти уюштуруу» </u>дисциплинасы боюнча баалоо каражаттарынын фондусу (ФОС)**

| **Контролдук модулдук суроолор** | **Доклад темалары** | **Тестирлөө** | **СӨИ темалары** |
|---|---|---|---|
| 1. Туристтик ишмердүүлүктү уюштуруунун түшүнүгү жана маңызы.<br>2. Туристтик продуктту түзүүдөгү ресурстарды жана персоналды башкаруу системасы.<br>3. Туризмдин түрлөрү жана алардын дүйнөлүк экономикага тийгизген таасири.<br>4. Туризм индустриясынын түзүмү: негизги жана жардамчы ишканалар.<br>5. Туристтик ишмердүүлүктүн субъектилери: туроператор жана турагент.<br>6. Туроператорлордун классификациясы (рецептивдүү, демилгелүү, көп тармактуу).<br>7. Туристтик-рекреациялык ресурстардын түрлөрү жана мааниси.<br>8. Табигый жана биологиялык туристтик ресурстардын өзгөчөлүктөрү. | 1. Заманбап туристтик индустриянын өнүгүү тенденциялары.<br>2. Деловой туризм: уюштуруунун дүйнөлүк тажрыйбасы.<br>3. Экотуризм: жаратылышты коргоо жана башкаруу аспектилери.<br>4. Гастрономиялык туризм: маданият жана даам байланышы.<br>5. Айылдык (сельский) туризмдин экономикалык натыйжалуулугу.<br>6. Приключенческий туризм: коопсуздук жана экстремалдык шарттар.<br>7. Шаардык (городской) туризмдин ресурстары жана инфраструктурасы.<br>8. Оздоровительный туризмдин заманбап борборлору.<br>9. Медициналык туризм: эл аралык кызматташтыктын мааниси.<br>10. Тоо туризми: Кыргызстандын уникалдуу мүмкүнчүлүктөрү. | 1. Туроператордун негизги аныктамасы.<br>2. Туристтик пакеттин курамына кирүүчү элементтер.<br>3. Турагенттин туроператордон негизги айырмасы.<br>4. Рецептивдүү жана демилгелүү туроператорлордун максаттары.<br>5. Туристтик-рекреациялык ресурстардын классификациясы.<br>6. Туристтик ваучердин функциясы.<br>7. Турпродуктту жылдыруунун методдорун аныктоо.<br>8. Туристтик рыноктун сегментация белгилери.<br>9. Туристтин укуктары жана милдеттери боюнча нормалар.<br>10. Тейлөө класстарын (VIP, эконом ж.б.) ажыратуу.<br>11. Турдун өздүк наркын эсептөө формулалары. | 1. Туристтик индустриянын өнүгүү тарыхына сереп.<br>2. Туристтик ишмердүүлүктү уюштуруунун маңызы боюнча конспект.<br>3. Субъектилердин (туроператор-турагент) өз ара аракеттенүү модели.<br>4. Деловой туризмдин конкреттүү долбоорун түзүү.<br>5. Экотуризм маршрутун иштеп чыгуу жана баалоо.<br>6. Гастрономиялык туризмдин региондук картасын даярдоо.<br>7. Айылдык туризмдин бизнес-планын иштеп чыгуу.<br>8. Прибрежный жана морской туризмдин ресурстарын анализдөө.<br>9. Приключенческий туризмдеги коопсуздук инструкциясын түзүү.<br>10. Шаардык туризмдин экскурсиялык программасын даярдоо.<br>11. Тоо туризминин жабдыктары жана техникалык талаптары. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 9. Туристтик агенттиктин документтик камсыздоосунун түрлөрү.<br>10. Турпродуктту түзүү технологиясынын негизги этаптары.<br>11. Туристтик рыноктун дифференциациясы жана сегментациясы.<br>12. Турпродуктту жылдыруунун жарнамалык жана жарнамалык эмес методдору.<br>13. Агрардык туристтик продуктту түзүүнүн спецификасы.<br>14. Кыргызстандагы агротуризмдин (айылдык туризмдин) келечеги.<br>15. Туристтердин негизги укуктары жана милдеттери.<br>16. Чыгуу (выездной) туризминдеги туроператорлордун функциялары.<br>17. Туристтик кызмат көрсөтүүлөрдүн пакетин (пакетный тур) калыптандыруу.<br>18. Туристтик формалдуулуктар: виза жана паспорттук маселелерди чечүү. | 11. Билим берүү (образовательный) туризминин өзгөчөлүктөрү.<br>12. Спорттук туризм: ири мелдештердин регионго таасири.<br>13. Туроператордун деловой репутациясы жана анын мааниси.<br>14. Чыгуу туризми чөйрөсүндөгү туроператорлор бирикмесинин ролу.<br>15. Туристтин керектөөчү катары укуктарын коргоо механизми.<br>16. Туристтик рыноктун продвижениеси (жылдыруу) стратегиялары.<br>17. Жарнамалык кампаниянын натыйжалуулугун баалоо.<br>18. Туристтик агенттиктин уюштуруучулук документтери.<br>19. Туристтик кызматтардын экспорту жана импорту.<br>20. Туризмдеги маалыматтык-коммуникациялык технологиялар.<br>21. Мейманкана кызматында коноктор менен иштөө этикети.<br>22. Саякат учурундагы коопсуздукту камсыздоо (БЖД). | 12. Виза алуунун жана валюталык жөнгө салуунун тартиби.<br>13. Экотуризмдин негизги принциптери.<br>14. Гастрономиялык жана айылдык туризмдин айырмасы.<br>15. Туристтик индустриянын жардамчы ишканалары.<br>16. Жарнаманын туристтик бизнестеги ролу.<br>17. Дифференциация түшүнүгүнүн мааниси.<br>18. Туристтин коопсуздугун камсыздоо чаралары.<br>19. Агрардык туризмдин өзгөчөлүгү.<br>20. Туристтик агенттиктин информациялык-сурап билүү документтери.<br>21. Маркетингдик изилдөөлөрдүн зарылчылыгы.<br>22. Персоналдын кесиптик компетенцияларын баалоо.<br>23. Брондоо системаларынын (eBilim ж.б.) ролу.<br>24. Туристтик фирманын деловой репутациясын баалоо критерийлери.<br>25. Транспорттук тейлөө жана анын түрлөрү. | 12. Оздоровительный туризмдин методикалык негиздери.<br>13. Билим берүү туризминин программасын долбоорлоо.<br>14. Медициналык туризмдин юридикалык аспектилерин изилдөө.<br>15. Спорттук туризмдин уюштуруу формалары боюнча доклад.<br>16. Туристтик рынокту анализдөө жана мониторинг жүргүзүү.<br>17. Туроператордун кызмат адамдарынын репутациясын баалоо.<br>18. Чыгуу туризминин функциялары жана маселелери.<br>19. Туроператорлор бирикмесине кирүү шарттарын изилдөө.<br>20. Туристтердин керектөөчүлүк укуктары боюнча кейстерди чечүү.<br>21. Саякат учурундагы туристтин жоопкерчилиги боюнча реферат.<br>22. Туризм индустриясынын объекттерин классификациялоо таблицасы.<br>23. Туристтик буклет же жарнамалык макет даярдоо.<br>24. Валюталык маселелерди чечүү боюнча практикалык колдонмо.<br>25. Туристтик кызматтардын сапатын баалоо анкетасын түзүү. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 19. Туристтик кызматтардын баасын түзүүдөгү методикалык ыкмалар.<br>20. Өнөктөштөр менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүнүн техникасы.<br>21. Тейлөө класстарына коюлган эл аралык талаптар.<br>22. Турдун технологиялык документтери (ваучер, жолдомо ж.б.).<br>23. Жарнамалык кампания боюнча тактикалык чечимдерди кабыл алуу.<br>24. Туристтердин буюмдарынын жана баалуулуктарынын коопсуздугун камсыздоо.<br>25. Коноктор менен эсептешүү жана аларды узатуу тартиби.<br>26. Гостиницалык кызматтарга болгон суроо-талапты стимулдаштыруу жолдору.<br>27. Туристтик ишканада өз алдынча ишмердүүлүктү уюштуруу жана баалоо.<br>28. Туристтик формалдуулуктардын туризм бизнесиндеги ролу.<br>29. Туристтик индустриянын объектилери: мейманканалар жана транспорт | 23. Кыргызстандагы агрардык туристтик продукттун келечеги.<br>24. Туристтик суроо-талапты калыптандыруу факторлору.<br>25. Туристтик маршруттарды долбоорлоо жана пландаштыруу.<br>26. Тейлөө деңгээли жана сервис маданияты.<br>27. Туроператор жана турагенттин ортосундагы келишимдер.<br>28. Туристтик дестинациянын имиджин түзүү.<br>29. Туризмдин социалдык-маданий таасири.<br>30. Эл аралык туризм бизнесинин өзгөчөлүктөрү | 26. Туристтик формалдуулуктардын тизмеси.<br>27. Кошумча туристтик кызмат көрсөтүүлөрдүн мааниси.<br>28. Туристтик келишимдин юридикалык маңызы.<br>29. Саякаттын максатына жараша туризмди классификациялоо.<br>30. Туристтик ишмердүүлүктү лицензиялоо негиздери. | 26. Жарнамалык кампаниянын стратегиялык планын иштеп чыгуу.<br>27. Өнөктөштөр менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү сценарийи.<br>28. Турдун өздүк наркын жана баасын эсептөө тапшырмасы.<br>29. Информациялык-сурап билүү документтеринин базасын түзүү.<br>30. Туристтик фирманын имиджин көтөрүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу |

**«Туристтик ишти уюштуруу» дисциплинасы боюнча баалоо структурасы:**

**1. Баллдык-рейтингдик система**

Дисциплинанын жалпы эмгек сыйымдуулугу 120 саатты (4 кредит) түзөт. Студенттердин билими семестр ичинде топтолгон упайлардын негизинде бааланат:

- Аудиториялык иш: Лекциялар (36 саат) жана практикалык сабактар (36 саат).
- Студенттин өз алдынча иши (СӨИ): Буга жалпы 48 саат бөлүнгөн. СӨИ төмөнкүдөй упайлар менен бааланат:
- 35-40 балл: Тапшырма толук көлөмдө, мөөнөтүндө жана так аткарылып, студент аткарган ишин ырааттуу түшүндүрүп бере алса.
- 25-34 балл: Тапшырма толук аткарылган, бирок мөөнөтүнөн кечиккен же анализи корректтүү эмес болсо.
- 10-25 балл: Тапшырма жарым-жартылай аткарылып, мазмуну үстүртөн болсо.
- 0-10 балл: Студент тапшырманын шартын гана жазып, эч нерсе аткарган эмес болсо.

**2. Баалоо шкаласы жана критерийлери**

Топтолгон упайлардын жалпы суммасы жыйынтыктоочу аттестацияда төмөнкүдөй шкала боюнча баага которулат:

- 91 - 100 балл («эң жакшы» / «зачтено»): Студент окуу материалын ар тараптуу, системалуу жана терең билет, практикалык тапшырмаларды эркин аткарат жана алган билимин татаал кырдаалдарда колдоно алат.
- 76 - 90 балл («жакшы» / «зачтено»): Дисциплинардык компетенциялар орто деңгээлде калыптанган, негизги билимдер өздөштүрүлгөн, бирок айрым каталар же так эместиктер кездешет.
- 61 - 75 балл («канааттандырарлык» / «зачтено»): Компетенциялар базалык деңгээлде калыптанган, бирок билимдерде мүчүлүштүктөр бар жана студент маалыматты жаңы кырдаалда колдонууда кыйналат.
- 41 - 60 балл («канааттандырарлык эмес» / «не зачтено»): Билимдердин жана көндүмдөрдүн жетишсиздиги байкалат.
- 0 - 40 балл («канааттандырарлык эмес» / «не зачтено»): Компетенциялар калыптанган эмес, билим таптакыр жок.

**3. Баалоонун формалары жана усулдары**

Билимди текшерүү окуу процессинин ар кандай этаптарында төмөнкү формаларда жүргүзүлөт:

- Учурдагы көзөмөл (Текущий контроль): Практикалык иштерди коргоо, темалар боюнча контролдук иштер, тестирлөө жана СӨИ боюнча отчетторду тапшыруу.
- Коллоквиум: Бөлүмдөрдү изилдеп бүткөндөн кийин сурамжылоо түрүндө өтөт. Ал оозеки (билеттер менен) же жазуу түрүндө (эки теориялык суроо жана бир практикалык тапшырма) өткөрүлүшү мүмкүн. Коллоквиумдун баасы экзамендик бааны чыгарууда эске алынат.
- Дистанциялык баалоо: eBilim системасы аркылуу аралыктык (өзүн-өзү текшерүү) жана контролдук (убактысы чектелген жана автоматтык баа коюлган) тесттер өткөрүлөт.
- Жыйынтыктоочу аттестация: Семестрдин аягында экзамен же зачет формасында өткөрүлөт